## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын февраль айы)*

Февраль айында биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн (катышуучулардын саны жетишсиз болгондугуна байланыштуу экинчи аукцион өткөрүлгөн эмес катары таанылган). Рыноктун катышуучулары тарабынан 146,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчтөн 27,0 пайызга төмөн. Сатуу көлөмүнүн мындай төмөндөөсү коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн төмөндөшүнөн улам жүргөн (бир коммерциялык банк гана жигердүү иш алып барган), 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү иш алып барган институционалдык инвесторлордун кызыгуусу бир аз төмөндөгөн.

Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 2,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 72,4 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 15,0 пайызды түзүү менен өткөн айдын көрсөткүчүнүн деңгээлинде сакталган. МКО боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан, көпчүлүк банктар тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздардын ушул түрүнө кызыгуусу, алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүүлүгүнөн улам салыштырмалуу жогору эмес бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Февраль айында жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү ай ичинде 2,4 пайызга жогорулоо менен 5,0 млрд. сомго жеткен. Мында, институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 1,1 пайыздык пунктка (46,5 пайызга чейин) бир аз төмөндөөсү байкалган, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 1,1 пайызга жогорулап, 53,5 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Резидент-юридикалык жактардын үлүшү мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлде сакталган.

МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу[1] индекси айдын жыйынтыгы боюнча 0,44тү түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Аталган индекс банктардын портфелинде МКОнун концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – 3 катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Февраль'2012 | 3,092,940.0 | 0.0 | 0.0% | 1,914,198.9 | 61.9% | 1,175,593.9 | 38.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Март | 3,055,690.0 | 0.0 | 0.0% | 1,921,038.9 | 62.9% | 1,131,503.9 | 37.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Апрель | 3,145,470.0 | 0.0 | 0.0% | 2,011,168.9 | 63.9% | 1,131,153.9 | 36.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Май | 3,234,570.0 | 0.0 | 0.0% | 2,099,268.9 | 64.9% | 1,131,153.9 | 35.0% | 4,105.2 | 0.1% |
| Июнь | 3,229,690.0 | 0.0 | 0.0% | 1,994,368.9 | 61.8% | 1,231,173.9 | 38.1% | 4,105.2 | 0.1% |
| Июль | 3,449,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,164,368.9 | 62.7% | 1,281,183.9 | 37.1% | 4,105.2 | 0.1% |
| Август | 3,936,450.0 | 0.0 | 0.0% | 2,563,273.2 | 65.1% | 1,369,974.6 | 34.8% | 3,160.2 | 0.1% |
| Сентябрь | 4,092,450.0 | 0.0 | 0.0% | 2,441,373.2 | 59.7% | 1,647,874.6 | 40.3% | 3,160.2 | 0.1% |
| Октябрь | 4,362,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,441,473.2 | 56.0% | 1,917,874.6 | 44.0% | 3,160.2 | 0.1% |
| Ноябрь | 4,561,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,476,473.2 | 54.3% | 2,081,874.6 | 45.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Декабрь | 4,750,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,486,473.2 | 52.3% | 2,260,874.6 | 47.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Январь'2013 | 4,841,300.0 | 0.0 | 0.0% | 2,536,223.2 | 52.4% | 2,301,874.6 | 47.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Февраль | 4,955,200.0 | 0.0 | 0.0% | 2,650,123.2 | 53.5% | 2,301,874.6 | 46.5% | 3,160.2 | 0.1% |